**Саруу айылындагы Алдашев айылык кеңешине депутаттыкка талапкер Акунов Тынчыбек Казиевичтин койгон программасы.**

**1.Саруу айылын өнүктүрүү программасы.**

а) Бул багытта айылдын социалдык өнүгүү программасын ишке ашыруу боюнча иштиктүү чараларына активдүү катышып,алардын аткарылышына өз салымымды кошом.

б) Айылдын борборун эстетикалык көркко айландырууга жетишүү.

в) Мектептерди компьютер,окуу китептери менен камсыз кылууга жетишүү. Ар кандай долбоорлор аркылуу айылдагы мектептердин жана бала бакчанын материалдык жана окуучулардын билим сапатын көтөрүү. Мектептердеги жана бала бакчадагы ысык тамак берүүнүн сапатын жогорулатуу.

г) Интернет клубдарды ачуу.

**2. Бюджеттик кирешелер.**

а) Саруу айыл окмөтүнө келген бюджеттик кирешелерди сарамжалдуу пайдаланууга көмөк көрсөтүү.

б) Бюджеттик кирешелерди алып келүчүү ишканалардын ишин жандандырууга жардам берүү.

в)Айылда туризмди өнүктүрүү. Волонтерлорду тартуу.( Тоо, жылуу суу,көл)

**3.Айыл чарбасын өнүктүрүү.**

а)Үрөнчүлүк чарбалар менен келишимдин негизинде сапаттуу үрөн менен камсыз кылууга жардам кылабыз.

б)Айыл чарба машиналарын күзгү оруп, жыйноо учурунда башка райондордон келип иштеп берүүсүн камсыз кылуу.

в)Сугат суу маселелерин так, убагында чечилишине жардам.
Сугат суу кыйынчылык менен барган жерлерге суу жеткирүүгө жардам кылуу.

г) Айыл чарба өсүмдүктөрүн айдоону пландуу ишке ашыруу.

д) Мал чарбасында жугуштуу оорулардын алдын алуу боюнча конкреттүү чараларды дайыма жүргүзүү. Жасалма уруктандыруу пункттарын жандандыруу.
Малдардын асыл тукумдуулугун көбөйтүү маселелерине салым кошуу.

**2.Социалдык маселелер.**

а) Айылдын социалдык маселелеринин эң негизги жана койгөлүү маселеси бул айыл ичиндеги жол жана көпүрөлөр. Ошондой эле жаңы конуштардын көчөлөрүнө суу түтүктөрүн жана электр жарыгын киргизүүгө жардам берүү. (Айылдык бюджеттен жана донорлор аркылуу).

б)Көчөлордү кеңейтүүнү колго алуу, ишке ашыруу (кызыл линиялары).

в)Маданиятты жок эл болбойт, айылдагы клубдардын элге иштеп берүүсүн камсыз кылуу.
Кыргыз элинин урп, адаттарын мындан ары да, өнүктүрүүгө жетишүү.

г) Медицина тармагында айылдагы үй бүлөлүк дарыгерлик борборуна бүгүнкү күндүн талабына ылайык медициналык аппараттар менен республикалык бюджеттен жана ишкер донорлор аркылуу чечүү. Жугуштуу оорулардын алдын алуу боюнча кетирилгис чараларды көрүп турууга жардам берүү ( Буруцеллоз, Туберклеоз, СПИД).

д)Жаштардын арасында көтөрүлүп келе жаткан, бардык маселелерди чечүүгө жардам берүү.
Спорт тармактарында жаштарды спортко кызыгуусун мындан ары артыруу. Спорт залдарды, стадиондорго ремонт иштерин жүргүзүүгө донор, спонсор табуу,жаштарга эс алуучу жай курууну колго алуу.

е) Эл арасындагы ынтымакты мындан ары да чыңдоо, жаш, орто, улуу муундардын арасында ажырагыс биримдикке жетишүү.
Бирдиктүү маданий, социалдык иш жүргүзүүгө салым кошуу
Жаш кадрларды даярдоо боюнча атайын курстарды уюштуруу.
Айылдык кеңештин депутаттарынын аборойун көтөрүү.
Ар бир атуулдун коопсуздугун сактоого жетишүү. Укук коргоо органдары менен элдин ортосундагы мамилени мындан ары жакшыртуу.

**3.Инвестиция.**

Проектилер менен кеңири иш жүргүзүү. АВР, Стим.грант, МерсоКО, Ага Хан, ЖашСтан дүйнөлүк банк, жеке ишкерлер.

6.09. 2019 ж. [signature]